**2021-2022-окуу жылында №1 Башталгыч класстарынын мугалимдеринин кичи тобунун окуу-тарбия процессинде жүргүзгөн иштерине**

**А Н А Л И З**

Мектептеги башталгыч класстардын кичи тобуна башталгыч класстарынын мугалимдери кирет. 2021-2022-окуу жылында бул кичи топтун мугалимдери бир топ алгылыктуу иштерди аткарышты. Алар «Эмгекке, окууга аңсезимдүү мамиле кылуу аркылуу окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүү» деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп жатышат. Кырдаалга байланыштуу 1 –чейректе мугалимдер окуучуларды аралыктан окутушту. Теле сабактарга кайтарым байланыш жүргүзүштү. Ошондой эле үч мугалим: Алимбекова Г., Сөпөнова А., Тургунбаева С. видео сабактарды да даярдашты.

2021-жылдын 18-ноябрынан баштап башталгыч класстын окуучулары реалдуу түрдө окуп башташты.

Окуу китептеринин абалдары каралды. Таланттуу балдар менен иштөө жана айрым сабактан жетишпеген окуучулар менен иштөө иши жүргүзүлүп, кошумча тапшырмалар берилип турду. Окуучулардын каллиграфиясынын үстүндө да иш жүргүзүлүп таза жазуу мүнөтү өткөрүлдү.15-декабрдан 27-декабрга чейин USDA " Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу. программасы тарабынан уюштурулган Биз Мерсико менен бирге окуйбуз жана өнүгөбүз" аттуу конкурсуна видео-сабактарды даярдашты.

USDA " Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу" программасы тарабынан уюштурулган кышкы окуу лагери өтүлдү.

USDA "Окуу керемет" долбоору боюнча мугалимдер 13-январдан баштап жума сайын онлайн семинар сабактар өтүлүп, өтүлгөн сабактарга байкоо тренерлер тарабынан жүргүзүлдү.

USAID "Келгиле,окуйбуз!" долбоору тарабынан "23 – апрель бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө" карата иш-чара өтүлдү .

Негизинен усулдук бирикменин мүчөлөрү иштеп жаткан проблеманы ачууга жооп бере ала тургандыгын көрсөтө алышты.

Жалпысынан айтканда. топтун мүчөлөрүнүн өткөн окуу жылындагы окуу-тарбия иши канааттандырарлык деп табылып. коюлган көйгөйлөрдү ишке ашырууда көп жетишкендиктерге ээ болушту.

**№1 Башталгыч класстар усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылына милдеттенмелери:**

1. Сабак өтүүдө инновациялык технологияларды колдонуп, электрондук сабактарды өтүү, интерактивдүү методдорду дагы кенири колдонууну;
2. Билим сапатын жакшыртуу максатында окутуунун жаны ыкмаларын колдонуу менен сабактарга окуучулардын кызыгууларын арттыруунун үстүндө эмгектенүү;
3. Таланттуу окуучулар менен аяр мамиледеги окуучулар менен жекече иш алып баруу;
4. Сабак өтүүдө аудио жана видео каражаттарын пайдалануу;
5. Ата-энелерди мектепке тартууга кызыктуу иш чараларды өткөрүү;
6. Окуучулардын жетишкендикктерин эске алып, кошумча тапшырмаларды берүү;

**Ы. Акылбеков атындагы № 21 жалпы орто мектебинин Тил усулдук бирикмесинин**

**2021-2022 –окуу жылына карата**

**анализи.**

Жалпы бирикмеде жети мугалим кыргыз тили, орус тили жана англис тили мугалимдери эмгектенет. Жаны окуу жылынын башында талапка ылайык план жана милдеттенме бекитилип, ошонун негизинде иш жүргүзүлдү. Окуу жылындагы бирикменин аткарган иш чаралары жакшы деп бааланды. Ар бир бирикме мүчөсү өз ишине так жоопкерчиликтүү.

Мектеп ичинде алгач окуу жылынын башында мамлекеттик тил күнүн белгилөө иш чарасын кыргыз тил мугалимдери уюштурушту. Иш чарада кыргыз тилин даназалоо эне тилди урматтоого чакырык ташталды. Райондук денгээлде «Манас таануу» мелдешине да активдүү катышып 2-орунга ээ болдук Англис тилчилер окуучулар арасында КВН уюштурушуп, эркин сүйлөө же бөтөн тилди өнүктүрүү максатында иш жүргүзүштү.

Ар бир чейрек ичинде ачык сааттар, бирикменин усулдук чогулуштары болду. Ошондой эле он күндүк декабрда жарыяланып мында да мугалимдер өз чеберчилигин көрсөтүштү. Жыйынтыктап айтканда 2021-2022-окуу жылында бирикменин алып барган иштери жакшы. Мугалимдер ар бир сабакта интерактивдүү ыкмаларды пайдаланып , салттык эмес сабактарды өтүп келишет. Өз иштерине кызыгуу жана жоопкерчиликтүү карашат.

Аймакта жана райондо өткөрүлгөн олимпиадаларга окуучулар катышышты. Кыргыз тили предметинен 10-класс Балтабаева Лилия аймакта 1-орунду ээлеп, райондук турдан 1-орунга жетти. ЖРТ ке окуучуларды даярдап жатты. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери «жакшы” деп бааланды.

**2021-2022-окуу жылында математика, физика, информатика, технология жана көрком өнөр мугалимдеринин Так илимдер усулдук бирикмесинин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине**

**А Н А Л И З**

Ы. Акылбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебиндеги №2 так илимдер усулдук бирикмесине алгебра, геометрия, физика, технология жана көрком өнөр сабактарынын мугалимдери кирет. 2020-2021-жаңы окуу жылында бардык класстарда сабактар онлайн түрүндө башталды.

Бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында «Окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын дүйнө таануусуна, ой жүгүртүүсүн жана окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүү» - деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп жатышат.

Мугалимдер I чейректе сабактарды аралыктан өтүштү. II чейректен баштап 5, 9, 11-класстарда сабактар салттуу түрдө башталды, калган класстарда сабак аралыктан улантылды. Ошондой эле коомдук иштер да унутта калбай өткөрүлүп жатты.

Окутуу экинчи жарым жылдыктан баштап салттуу болду. III чейректе олимпиадага онлайн түрүндө даярданып жаткан окуучулар райондук олимпиадага даярданышып, февраль айында райондук олимпиадага катышып келишти. Олимпиада эки турда болуп, алгебра сабагынан 10-класстын окуучусу Бактыбек кызы Тинатин катышып, грамота менен сыйланды.

Бул окуу жылында бирикменин мугалимдери компьютердик курсту өздөштүрүп, мыкты деген сертификаттарга ээ болушту. Алган билимдерин өз тажрыйбаларында колдоно билүү көндүмдөрүнө ээ болушту.

II чейректен баштап бардык сабактар боюнча ачык сабактарды өтүштү. Тажрыйба алмашуу максатында ар бир мугалим башка мугалимдердин сабактарына катышып жатышты. ЖРТга даярдыктар кызуу журуп жатты. Бүтүрүүчү класстар экзаменге даярданып жатышты. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери канааттандырарлык деп табылды.

**2021-2022-окуу жылына карата так илимдер бирикмесинин өнүктүрүү планы**

1. Базистик окуу планынын негизинде бекитилген окуу планынын жыл ичинде ишке ашыруу
   - Окуу планынын так, толук жана өз убагында бекитүү
   - Ар бир мугалим базистик окуу планындагы өзгөрүүлөр менен таанышып, кенен маалыматка ээ болушсун
2. Окутуунун эффективдүү методдорун колдонуу аркылуу окуучулардын дүйнө таануусун, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү
   - Окуучунун искусствону какбылдоого жана көрком чыгармаларга эмоциялык жооп кайтарууга жөндөмдүүдүгүн өнүктүрүү жана эстетикалык тарбия берүү
   - Замандын талабына ылайык интернет тармактарын колдонуу менен инновациялык билим алуусун өнүктүрүү.

3. Окуу жылынын башталышында таланттуу окуучулар менен иш алып баруу, олимпиадага, сынактарга даярдоо, ЖРТга даярдоо
    - Таланттуу окуучулар менен баарлашуу, ар биринин кызыкчылыгы менен иш алып баруу
    - Олимпиадага даярдоо
    - Бүтүрүүчү класстардын окуучуларын ЖРТга даярдоо, жыл бою иш алып баруу(иш пландар тиркелди)
4. Билим сапатын жогорулатуу үчүн окутуунун салттык эмес ыкмасын колдонуу
    - Мугалим окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн тажатма эмес, ар кандай акыл оюндарын , салттуу эмес сабактарды өтүү.
    - Этнопедагогиканы да унутта калтырбай сабакка кызыгуусун арттыруу менен тартипти унутта калтырбоо
5. Окуучулардын билим алууга болгон кызыгуларын арттыруу үчүн инновациялык технологияларды колдонуу, окуучулар менен класстан тышкаркы иштерди уюштуруу.
    - Заман агымына жараша окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн заманбап же техниканын жардамы менен сабак өтүү. Онлайн тест , акылдуу доска менен иштөө, техниканы колдонуу
    - Ар кандай класстан тышкаркы иштерди (конкурс, КВН, спорттук таймаш, экскурсия) уюштуруу

12. Жаны инновациялык методдорду колдонуу менен жаны стандартка ылайык сабактарды өтүү.

13. Билим сапатын көтөрүү, көрсөтмөлүү сабактарды көп өтүү.

14. Окуу-тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу, окуучулардын сабакка кызыгууларын арттыруу.

**2021-2022-окуу жылында гуманитардык илимдер усулдук бирикмесинин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине**

# А Н А Л И З

Ы. Акылбеков атындагы № 21 жалпы орто билим берүү мектебиндеги гуманитардык усулдук бирикмесине география, биология, тарых, адам жана коом сабактарынын мугалимдери кирет. 2021-2022-жаны окуу жылында бардык класстарда сабактар офлайн түрүндө башталды.

Усулдук бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында «Окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын дүйнө таануусуна, ой жүгүртүүсүн жана окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүү» - деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп жатышат.

Биринчи чейректин аягынан баштап, гуманитардык илимдер усулдук бирикмесинин мугалимдери окуучуларды олимпиадага даярдашып, 10-класстын окуучусу Бектурсун кызы Бегимай зоналык турдан 1-орунду ээледи.

2021-2022- окуу жылында бирикменин мугалимдери компьютердик курсту өздөштүрүп, мыкты деген сертификаттарга ээ болушту. Алган билимдерин өз тажрыйбаларында колдоно билүү көндүмдөрүнө ээ болушту.

II чейректен баштап бардык сабактар боюнча ачык сабактарды өтүштү. Ал эми, тарыхтан берген мугалимдери үчүн Ж.Абдрахмановдун 120 жылдыгын белгилөө иш-чарасы тапшырылып, эскерүү кечеси чоң масштабда белгиленди. Бүтүрүүчү класстар экзаменге даярданып жатышты. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери“канааттандырарлык” деп табылды.

**№3 Гуманитардык сабактар боюнча усулдук бирикмесинин 2021-2022-окуу жылына милдеттенмелери:**

1. Окуучуларды улутттук негизги баалуулуктар менен тарбиялоо үчүн белгилүү географиялык жана тарыхый шарттардын негизинде ,элдин эл,улуттун улут ,мамлекеттин мамлекет катарында сакталышы үчүн, башка элдер менен катнашта болуп,кыргыз коомунун руханий эс тутумун, улуттук нарктарын аздектеген окуучулады тарбиялоо максатында сабак учурунда Кыргызстандын дүйнөдөгү алган орду,өзгөчөлүгү жөнүндө сабакка байланыштырып жыйынтык чыгаруу.

2. Окутуунун эффективдүү методдорун колдонуу учун руханий –адептик түшүнүктөрдү калыптандыруу адептүүлүк, адеп тарбиясы.туруктуу моралдык сапаттарды,адептик-ыймандык керектөөлөрдү , жүрүм-турум адебин калыптандыруу менен окуучулардын дүйнө таануусун.өз алдынча ой жүгүртүүсүн жана маданиятуу сүйлөө речин өнүктүрүү максатында сабак учурунда кыргыздардын накыл сөздөрүн,макал-лакаптарды көп колдонуп .алардан жыйынтык чыгаруу.

3. Базистик окуу планын негизинде бекитилген окуу планын жыл ичинде ишке ашыруу учун жаны ааламдашуу доорунун шарттарына шайкеш келген компетенттүүлүккө, өнөргө.кесипке ээ болгон инсанды даярдоо.

4. Сабактын сапатын жана,денгээлин жакшыртуу үчүн мугалимдер диогноз билимин өркүндөтүү жана квалификациясын жогорулатуучу курстардан өзү убагы менен билим алып , тажрыйба алмашуу жана жаш адистерге ар тараптан жардам берүү.Стандарттык эмес сабактарга басым жасоо менен окуучулардын предметке болгон кызыгуусун арттыруу.

5. Окутуунун этнопедагогикалык ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын патриоттук сезимин өстүрүү үчүн жемелөө менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, жаратпоо менен жеке үлгү көрсөтүү,тыюу салуу менен талап кыла билүү, айыптоо менен тилек айтуу, коркутуу менен алкыш айтуу жана бата берүү ,кекетүү менен бирге өтүнүү менен бирге сурануу.

6. Окуу жылынын алгачкы айларынан баштап жыл бою предметтик олимпиадаларга.сынактарга даярдоо жалпы республикалык тестирлөө ЖРТга даярдоо үчүн таланттуу окуучулар менен иш алып барууну жакшыртуу жана ар дайым аларды алга суроо. жетектөө жана колдоо көрсөтүү.

7. Окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн инновациялык технологияларды өздөштүрүү. Мында окуучуларга маалымат берип гана тим болбостон, алардын жоопторду өз алдынча таба билүү көндүмдөрүн калыптандыруу жана алардын турмуштук тажрыйбасын билим алуунун негизги башаты катары кароо.

8. Окууучулардын билим сапатын жана тарбиясын жакшыртуу максатында мугалим менен ата-эненин ортосундагы байланышты күчөтүү.Бул жаны нерсени ачуу процесси, башкача айтканда анын жүрүшүндө окуучулар бири-бири менен жана ата-энеси менен карым-катнашта болуу аркылуу өз алдынча билим алуу көндүмдөрүн өздөштүрүү.

9. Мектепте жана райондук билим берүү бөлүмүндө өткөрүлгөн иш-чараларга окуучуларды тартуу үчүн окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жараша стимул берүү жана аларды баалай билүү.